Жалал-Абад областык юстиция башкармасы
20 18 ж. "30" января
Юридикалык жак мамлекеттик каттоодон кайра өткөрүүдү № 0018613 күбөлүк
Алгачкы катталганы
1992 ж. "22 сентября"
Управление юстиции Жалал-Абадской области
Произведена государственная перерегистрация юридического лица
"30" января 2018 г.
Свидетельство № 0018613
Дата первичной регистрации
"22" сентября 1992.

**БЕКИТЕМИН**

**Майлуу-Суу шаардык билим берүү**

**бөлүмүнүн башчысы ____________**

**Д.И.Караева**

**"16" января 2018-ж**

# ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН МАЙЛУУ-СУУ ШААРЫНДАГЫ №8 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИ МЕКЕМЕСИНИН

# УСТАВЫ

**Майлуу-Суу шаары 2018-ж.**

## "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим б‹ ү орто мектеби" мекемесин УСТАВЫ

### 1. Жалпы жоболор

1.1 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына “Билим берүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйз&мына ылайык билим берүү мекемеси катары мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,ченемдик актыларын жана ушул УСТАВДЫН негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

1.2 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берү орто мектеби" мекемеси ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана орто билим алуусун, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандардын жөндөмүнө, чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө жараша сапаттуу билим алуусун иш жүзүнө ашыруучу билим берүү мекемеси болуп эсептелинет.

1.3 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси юридикалык жак катары гербдүү мөөргө, бурч мөөрүнө ээ.

1.4 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси Уставы Жала- Абад областык юстиция башкармасы тарабынан мамлекеттик каттодон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдик актыларына ылайык юридикалык
укукка ээ.

1.5 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси мындан ары окуу- тарбия процессии уюштурууда, ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө жалпы билим берүүчү уюму катары, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамыныш негизинде областтык юстиция башкармасы тарабынан каттодон өткөн ушул Уставды жетекчиликке
атат.

1.6 "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси уюумдаштыруусу: Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмү жана мектептин педагогикалык жамааты.

1.7 Жатпы билим берүү орто мектептин толук фирмал‹ аталышы Мамлекеттик тилде ататышы: "Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы били‹ берүү орто мектеби" мекемеси. Расмий тилде: Учреждение ” Средняя общеобразовательная школа №8 города Майлуу-Суу”.

1.8 Уюштуруу- укуктук формасы: мекеме.

1.9 Юридикалык жактан жайгашкан дареги:

Кыргыз Республикасы, Жалал-абад облусу, Майлуу-Суу шаары, К.Саматов көчөсү, н/ж.

### 2. Жалпы билим берүү уюмунун максаттары жана милдеттери

Максаттары:

2.1. Мектеп жашындагы жарандардын акыл-эс, адеп‹ жактан өнүгүүсү, сезимтал жана дене түзүлүшүнүн чын болуусун камсыз кылуу.

2.2. Ак сезимдүү жарандык позицияга ээ болгон, демократиялык өзүн-өзү башкарууга катышуучу, турмушка жана эмгекке даяр жарандарды тарбиялоо.

2.3. Окуу тарбия процессинде мезгил талабына жараша уюштуруу аркылуу окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттыруу, чыгармачылык жөндөмүн өстүрүү, окуучуларга

кесиптик багыт берүү.
2.4. Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу.
Милдеттери:
2.4. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык жалпыга милдеттүү акысыз жалпы орто билим берүүнү турмушка ашыруу.
2.5. Жалпыга милдеттүү баштапкы, негизги, жалпы орто билимди ишке ашыруу үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана окуучулардын кызыгууларын, жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

**3. Окуу тарбия процесинин структурасы жана уюштурулушу**

3.1. Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби мамлекеттик стандарттагы билим берүүнү турмушка ашыруу менен төмөнкүдөй 3 баскычты камтыйт:
-1 баскыч (башталгыч билим берүү) 1-4-класстар
-2 баскыч (жалпы негизги билим берүү) 5-9-класстар
-3 баскыч (жалпы орто билим берүү) 10-11-класстар
1. Баскычта окуучулар окуу ишмердүүлүгүн зарыл ыктарын жана кондумдорун алышып, окуй алууга, жазууга, саноого үйрөнүшүп, логикалык ой-жүгүртүнүн элементтерине, таанып билүү ишин өз алдынча билим алуунун жана өзүн-өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмалары, жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын өздүк тазалыктын негиздерин, жашоонун сергек адаттарына ээ болушат.
2. Баскычта-окуучулар коомдун турмушуна толук баалуу тартууга зарыл болгон жалпы билим берүүнүн бекем пайдубалын алып чыгышат. Ал окуучулардын инсандыгын, анын шыгын, илимий көз карашын калыптандырууга жөндөмүн өнүктүрүүнү камсыз кылат.
3.Баскычта-мкетеп окутууну кенен жана терең дифференциялоонун негизинде окуучуларга жалпы билим берүү даярдыгын аяктоону жүзөгө ашырат.
3.2. Мектепте окуу кыргыз тилинде жана орус тилинде жүргүзүлөт.
3.3. Мектептин окуучуларынын контингентин мектеп жайгашкан аймактагы окуучулардын саны түзөт. 1-кабыл алуу, окуучулардын окууга болгон даярдыгын эске алынуу менен 6-7 жашта жүргүзүлөт.
3.4. Жалпы билим берүү орто мектептин биринчи баскычын аяктаган окуучулар окутуунун экинчи баскычына сыноосуз кабыл алынат.
3.5. Жалпы билим берүүчү класстардагы окуучулардын толукташы билим берүү жана илим министирлиги бекиткен ченемдик актыларга ылайык төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт.

1-4-класстарда 25-30 окуучуга чейин
5-9- класстарда 25-30 окуучуга чейин
10-11-класстарда 25 окуучуга чейин.

3.6. Мектепте окуу 1-сентябрда башталат. Мектепте билим берүүнүн 1-11-111 баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик жыйынтыкта аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде, 34 аптадан кем эмес, ал эми 1-класста 33 аптаны түзөт. Окуу жылы ичиндеги каникулдардын созулушун30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык аптадан кем эмес түзөт. 1-класстын окуучуларына окуу жылы ичинде

кошумча бир апталык каникул берилет.

Каникулдардын мөөнөттөрү төмөнкүдөй:

. Күзгү каникул- 8 күн (2-ноябрдан башталат)

. Кышкы каникул- 12 күн (31-декабрдан башталат)

. Жазгы каникул – 10 күн ( 22-марттан башталат)

. Жайкы каникул- 14 календардык апта кем эмес.

3.7. Мектепте окуу сабактары жүрүп жатканда окуучуларды айыл-чарба жумуштары менен алаксытууга тыю салынат.

3.8. Мектептеги сабактардын созулушу төмөнкүдөй:

1-класс үчүн 40 минутаны, 2-11-класстар үчүн 45 минутаны түзөт. Мектеп администрациясына өз алдынча сабактардын узактыгын өзгөртүүгө уруксат берилбейт.

3.9. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөру менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк аттестат) тапшырылат. Мектептин 9-классын ийгиликтүү аякташкан окуучуларга толук эмес орто билими жөнүндө күбөлүк, 11-класстын ийгиликтүү аякташкан бүтүрүүчүлөргө орто билими туралуу аттестат берилет.

Жалпы билим берүү уюму жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырылат.

3.10. Мектептин 9-11-класстарын эң жакшы бааларга окуп аякташкан бүтүрүүчүлөргө Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен атайын жобого ылайык билими тууралуу артыкчылык документтери тапшырылат.

Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бутурүүчү "Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн"деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.

Бардык сабактар боюнча эң жакшы черектик,жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары "Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн" деген Мактоо баракчасы менен сыйланат.

Педагогикалык кеңештин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу менен укукка каршы иш аракеттерди жасаган, билим берүү уюмунун уставын көп жолу оңдоло бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды билим берүү уюмунун чыгарууга жардам берет.

3.11. Жалпы билим берүү орто мектеп процессин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги бекиткен базалык окуу планын түздөн-түз жетекчиликке алат. Окуу планындагы Республикалык компоненттеги сааттар мектепте милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана өзгөртүүгө жатпайт.

3.12. Жалпы билим берүү орто мектептерде мектеп компонентине бөлүнгөн сааттарды окутууга каражат мамлекеттик бюджет тарабынан ажыратылбаганына байланыштуу кошумча билим берүү кызматтары (тереңдетилген предметтер,тандоо курстары) окуучулардын жана ата-энелердин суроо талаптарынын негизинде мектеп тарабынан ишке ашырылышы мүмкүн. Бул багытта ажыратылган сааттар мектеп тарабынан өз алдынча түзүлөт жана аларга акы төлөө Кыргыз Республикасынын Конкуренцияны коргоо жана өнүктүрүү боюнча Улуттук комиссиясы тарабынан аныкталган өлчөм боюнча мектептин киреше булактардын, ата-энелердин эсебинен жүргүзүлөт.

3.13. Жалпы билим берүү орто мектептин окуу планында көрсөтүлгөн предметтеринин мазмундары мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан

белгиленет. Алар негизги жана орто билим берүү программаларынын мазмунунун милдетүү минимумун,окуп жаткандардын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн, бүтүрүүчүнү даярдоонун деңгелине карата талаптарды,окуп жаткандардын белгилүү бир билим берүү программалары өздөштүргөнүн ырастаган документтердин формаларын аныктайт. Мамлекеттик стандарттагы окуу программалары жалпы орто билим берүүчү мектеп үчүн милдеттүү болуп эсептелет.
3.14.Жалпы билим берүү орто мектеп Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин "Жалпы билим берүүчү мектептердин мамлекеттик аттестациядан өткөрүү" жөнүндөгү атайын бекиткен жобосуна ылайык 5 жылда бир аттестациядан өткөрүлөт. Аттестациялоо Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы билим берүү мекемелерин лицензиялоо жана аттестациялоо боюнча мамлекеттик инспекциясынын көрсөтмөсүнө ылайык областтык билим берүү башкармасы, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлөт.
3.15. Жалпы билим берүү орто мектеп мамлекеттик аттестациядан өткөндөн кийин гана бүтүрүүчү класстардын окуучуларына мамлекеттик үлгүдөгү билими тууралуу документтерди бере алат.
3.16. Жалпы билим берүү орто мектепте билим берүү жана маданият министрлиги бекиткен " Мектептерде окуучуларга экстернат түрүндө билим берилет" Экстернат формасындагы билим берүү окуучулардын жана алардын ата-энелеринин каалоолору аркылуу гана жүргүзүлөт.

**4. Мектептеги окуу процессине катышуучулар**

4.1. Жалпы билим берүү орто мектептин окуу-тарбиялоо процессине түздөн-түз катышуучулары болуп мектептин окуучулары, алардын ата-энелери жана аларды окуткан мугалимдер болуп саналат.

Окуучулардын укуктары:

-Мектептин бардык баскычтарында (1.2.3)акысыз билим алууга.
окутуунун түрдүү формаларынын пайдаланууга, (күндүзгү экстернат)
- өздөрүнүн каалоолору жана ата-энелери менен макулдугунун негизинде кошумча билим берүү (акы төлөнүүчү) кызматтарынан пайдаланууга
-акысыз медициналык тейлөөдөн өтүүгө.
мектептин китепканаасынан окуу жана көркөм адабияттарды алып пайдаланууга
класстагы жана мектептеги окуучулардын башкаруу органдарына шайланууга жана аларды шайлоого
-окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш-пикирлерин айтууга
-класстын жана мектептен тышкары иштерге активдүү катышууга,каалоосу боюнча мектептин айланасын жашылдандырууга
-өзүнүн же ата-энелеринин каалоосу боюнча башка мектептке окуу үчүн которулууга

Окуучулардын милдеттери:

-Жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
-Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим

берүү программаларын өздөштүрүүгө;
-Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кырыз жана башка да улуттардын салттарын жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтого;
-Окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен Уставда көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү талаптарды аткарууга жана урматтого;

-Сабактарды калтырбоого жана кечикпөөгө;
-Мектептин кадыр-баркын көтөрүү максатында бардык коомдук иштерге активдүү катышууга;
-Коомдуке жерлерде,мектепте өзүн маданияттуу алып жүрүүгө, өзүнүн ден-соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө жана мектептин тазалыгын сактоого;
-Класстын,мектептин мүлкүнө этият мамиле жасоого;
-Мектептин мугалимдеринин айткандарын аткарууга жана аларды урматтого;
-ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун,анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;

Мугалимдердин милдеттери:

-Кыргыз Республикасынын Конститутциясынын, мамлекеттик символдорун урматтого жана билүүгө;
-Мугалимдин абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен педагогтук этиканы ченемдөөнү сактоого, мектептин Уставынын талаптарынын аткарууга жана урматтоого;
-Окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандартарынын талаптарынан төмөн болбогон деңгээлде билим берүү программаларынын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

-Окуп жаткан өз алдынчалуугун,окууга чыгармачыл мамиле жасоосун өнүктөрүүгө,жүрүм-турумдун,жогорку адеп-ахлактык ченемдердин калыптандырууга;

-Өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын кеминде 5жылда бир жолу жогорулатууга;
-Окуп жаткандарга карата күч жана моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого;
-Өзүнө бекитилген класстагы мугалимдер,ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп,окуучулардын терең билим алуусуна, эмгекти сүйүүсүнө, маданияттуу жүрүм-турумга ээ болуусуна жетиштирү.

Мугалимдердин укуктары:

-Педагогтук ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга;
-Өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого, кесиптик ишин жакшыртуу максатында тиешелүү шарттарды талап кылууга;
-Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга
-Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык аттестатациялануууга;
-Мектептеги алгачкы башталышты башкаруу органдарынын мүчөлүгүнө же жетекчилигине шайланууга жана шайлоого;

-Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын,пикирлерин пед кеңешмеде,мектеп админстрациясына айтууга;
-Өзгөчө сиңирген эгеги үчүн ардак грамоталар, “Билим берүүнүн отличниги”төш белгиси,орден медалдар менен сыйланууга.

Ата-энелердин милдеттери:
-Балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө:
-Ата-энелер өз балдарынын тарбиясына керт башы менен жооп берет.
Баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин, айлана-чөйрөнү урматтого, тарбиялоого;
-Балдардын саламаттыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнун жетилиш, үй-бүлөөдө адеп ахлактык жактан клаыптанышын камсыз кылуучу тиричилик жана окуу шарттарын түзүүгө;

-Жалпы билим берүү уюмунун уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга, балдардын тарбиясына, балдарды жалпы билим уюмдарына зыян келтирген үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө;
-Балдардын мектепке жайгаштырууга жана жүрүм-турушу менен менен таанышып турууга, ата-энелердин чогулуштарына катышып турууга;
-Балдардын мектеп эмеректерин,окуу куралдарын жана башка мүлктөрүн иштен чыгарганы үчүн жооп берет, аларды калыбына келтирет.

Ата-энелердин укуктары:

-Жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окуутунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун паризин тандоого;
-Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
-Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
-Окуучунун формасын, түрүн тандап алууга;
Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
-Ата-энелердин класстык жана мектептик чогулуштарында, педагогикалык кеңешмелерде окуу-тарбия иштерин багыттарында жекече сунуштарды, пикирлерди айтууга;
-Ата-энелердин мектептеги башкаруу органдарынын жетекчилигине шайланууга жана аларды шайлоого;
-Мектепти материалдык жана моралдык жактан колдоо максатында демөөрчүлүк жардамдарды берүүгө жана максаттуу жардамдарды уюштурууга.

**5.Мектепти башкаруу**

5.1 Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын “Билим берүү”жөнүндө мыйзамынын, мамлекеттик каттодон өткөн уставдын негизинде жүргүзүлөт.
5.2. Жалпы билим берүү орто мектеп окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө билим берүү бөлүмүнүн, областтык билим берүү башкармасынын, билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын, көрсөтмөлөрүн милдеттүү түрдө аткарат жана

жетекчиликке алат.
5.3. Жалпы билим берүү орто мектептин директору мектепке түздөн-түз жеткечилик кылуу менен бирге төмөнкүлөргө укуктуу:
-Билим берүү жана илим министрлигинин №371/1 (26.07.2001-ж)буйругу менен бекитилген мектеп директорунун кызматтык милдеттерин милдеттүү түрдө аткарууга;
-Окуу-тарбия иштерин пландаштырып, уютурат жана аларды аткарылышын көзөмөлдөйт;
-Эмгек кодексинин негизинде мугалимдерди жана тейлөөчү кызматкерлердин жумушка алат жана бошотот.
-Билим берүү бөлүмү менен макулдашуусунун негизинде орун басарларын дайындайт, алардын функционалдык милдеттерин аныктайт, иштерин көзөмөлдөйт.
-Жалпы мугалимдер жана окуучулар үчүн буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет.
-Педагогикалык кеңешменин ишин жетектейт, методикалык бирикмелерин жетекчилерин, педагогикалык кеңешменин катчысын дайындайт.
-Мугалимдерге окуу жүктөмдөрүн баштапкы профсоюз комитети менен макулдашып бөлүштүрүлөт.
-Мектептин окуу-тарбия иштерин жашыртуу жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында жана көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн тийиштүү истанцияларга кайрылат.
5.4. Мектептин директору ата-энелердин, коомчулуктун жана өзүнөн жогорку турган жетекчи органдардын алдында уставдын талаптарын жана кызматтык милдеттерин аткарылышы боюнча жекече жооп берет.
5.5. Жалпы билим берүү орто мектептин өзүн-өзү башкаруучу жогорку органы конференция болуп саналат,ал жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Конференцияга делегаттар, мектептин кызматкерлеринин жамааттарынын, окуучулардын, ата-энелердин коомдук уюмдардын чогулуштары менен шайланышат. Конференцияда мектепти башкаруу боюнча кеңеш шайланат Кеңеш жалпы билим берүүчү орто мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык техникалык базасын чыңдоо жана мектептин структурасын жана негиздерин аныктоо багыттарында иш жүргүзөт.

## 6.Мектептин мүлкү. Өндүрүштүк жана чарбачылык иштер

6.1. Мектептин имараты, мүлктөрү жана окутуунун техникалык каражаттары мектептин менчиги болуп эсептелинет. Аларды сактоо,ремонт иштерин жүргүзүү, толуктоо жүргүзүү боюнча жоопкерчилик мектепте жүктөлөт.
6.2. Жалпы билим берүүчү мектептин окуу планы толук түрдө мамлекет тарабынан каржыланат.
6.3. Мектептеги мугалимдердин эмгек акылары окуучулардын ар бирине класс комплектисине жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жүзүнө жумшалучу чыгымдардын ыраттуу көбөйтүү аркылуу жүзөгө ашырылат.
6.4. Мектептеги билим берүүнүн каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат:
-Республиканын жана жергиликтүү бюджет.
-Уюмдаштыруунун, жеке юридикалык жактардын, чет мамлекеттеринин жана башка жарандардын каражаттары жана алардын ыктыярдуу соопчулук, камкоорчулук максаттуу төлөм каражаттары.
-Чарбалык-өндүрүштүк жана соода түйүндөрүн ачуу, өздүк чарба түзүү, юридикалык

укукка ээ болгон чакан ишкана түзүү.
Акы төлөөчү кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу.
Билим берүүнү колдоочу фонддорду түзүү камкорчулук кеңеши.
-Кыргыз республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы келбеген жана башка булактары.

**7 Жалпы билим берүүчү мектептин ишмердүүлүгүн кайра уюштуруу жана жоюу**

7.1. Мектептин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюшулат же жоюлат.
7.2. Мектепти кайра уюштуруу же жоюу окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Мындай учурда уюмдаштыруучу окуучуларды ата-энесинин макулдугу боюнча башка мектептерге жайгаштыруу жоопкерчилигин өзүнө алат.
7.3. Мектептин билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде окуучулар башка мектептерге жайгаштырылат жана мектептин материалдык-техникалык базасын, мүлкүн өткөрүп берүү актыларынын негизинде уюмдаштыруучунун чечими боюнча башка мектептерге окутулуп берилет.
7.4. Мектептин Уставына өзгөрүүлөрдү киргизүү жана кабыл алуу иштери, мектептин жалпы педагогикалык кеңешменин чечими менен жүргүзүлөт.

**8. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү**

Билим берүү ишмердүүлүгүнүн токтотуу жана жоюу.
8.1. №8 жалпы билим берүү орто мектептин уставына кошумчаларды, өзгөртүүлөрдү киргизүү шаардык билим берүү бөлүмүнүн макулдугу менен педагогикалык жамааттын жалпы чогулушунда жүргүзүлөт.
8.2. Мектептин билим берүү ишмердүүлүгү кайрадан түзүлгөн же биротоло жоюлганда токтотулат
8.3. Мектептин билим берүү ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" законуна жана Кыргыз Республикасынын закондор менен нормативдик актыларына ылайык уюштуруучусу жана сот тарабынан токтотулат.
8.4. Билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде окуучуларды башка мектепке жайгаштыруу, алардын окуусун улантуусун катары шаардык билим берүү бөлүмү өз жоопкерчилигин алат. Ал эми мектептин материалдык-техникалык базасындагы мектеп эмеректери өткөрүп берүү актыларынын негизинде ээлик кылуучунун чечими боюнча билим берүү бөлүмү башка мектептерге өткөрүлүп берилет.

Директор:_________ А.К.Мамырбаева

Жа... ...облусу... юстиция
...башкармасы
Номер... ...тигилгени жана мөөр
басылга... ...рдыгы 9 барак
20 18 ж 30 января
Управление юстиции
Жалал-Абадской облас...
Всего прону...
и скреплено печатью на 9
"30" января 20 18